**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №1**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **10- октябрь 2026-жыл**

**Элдик Курултайга Ноокат шаарынын аймагынан делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 “Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгы менен дайындалган 2025-жылдын 22-23-декабрында өтүүчү Элдик Курултайга Ноокат шаарынын аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү максатында, Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2025-жылдын 25-сентябрындагы №1 чечимине негиз Ноокат шаардык кенеши **т о к т о м к ы л а т :**

1. Ноокат шаарынын аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйыны Ноокат шаарынын аймагындагы А.Абдуваитов атындагы орто мектебинин жыйындар залында 2025-жылдын 01-ноябрь күнү саат 10-00 өткөрүлсүн.

2. Ноокат шаарынын аймагынан жергиликтүү коомдошдуктардын өкүлчүлүктүү жыйындары тиешелүү аймакта жашаган калктын жана ал административдик –аймактык бирдикке кирген калктуу конуштардын санын эске алуу менен жергиликүү кеңеш тарабынан бекитилген бөлүктөргө ылайык делегаттардын нормасы 80 болуп бекитилсин.

3. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамаатардын өкүчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча аймакты бөлүктөргө бөлүү графиги бекитилсин.

4. Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин курамы тиркемеге ылайык бекитилсин ( мындан ары Жумушчу топ)

5. Делегаттардын өкүлчүлүк ченеми делегат шайлоого укук берилген тиешелүү аймактын-бөлүгүндө жашаган калктын санына жараша бөлүштүрүлсүн.

6.Чогулуштарды жана жыйындары шаардын, чогулуш өткөрүп жаткан аймагында өткөрүүгө жооптуу болуп тиркемеге ылайык шаардык кеңештин депутаттары беиктилсин.

7.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын уктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №2**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

**10-октябрь 2026-жыл** **Ноокат шаары**

**Бостон кварталындагы "Ынтымак" атайын орто башталгыч мектебин муниципиалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Бостон кварталындагы "Ынтымак" атайын орто башталгыч мектебин муниципиалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө, Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика маселелери боюнча туруктуу комиссиясын, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 2,3-бөлүктөрүнө ылайык жана "Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө" 1-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, Ноокат шаардык кенеши **т о к т о м к ы л а т :**

1. Ноокат шаар аймагынын Бостон кварталындагы "Ынтымак" атайын орто башталгычтагы мектебинин:

-имараты 16 936 550, 40 ( Он алты миллион тогуз жүз отуз алты миң беш жүз элүү сом кырк тыйын),

-жылуулук курулушу 595 425,60 (Беш жүз токсон беш миң төрт жүз жыйырма беш сом 60 тыйын),

-ажатканасы 980089,44 тыйын (Тогуз жүз сексен миң сексен тогуз сом, кырк төрт тыйын), жалпы балансттык баасы 18 512 065 (Он сегиз миллион беш жүз он эки миң алтымыш беш) сом болгон мектеп Ноокат шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчигине кириштелсин.

2. Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевге кыймылсыз мүлк обьектисин муниципиалдык менчикке кабыл алып, мамлекеттик каттодон өткөрүү жана жердин, имараттардын, инвентаризацияланган мүлктүн жана башка обьектердин тизмесин бекитип, өткөрүү процесси боюнча тиешелүү юридикалык финансы жана административдик иштерин жүргүзүү тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Муниципалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, тарнспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №3**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **5-июнь 2026-жыл**

**Ноокат шаарынын мэриясына Ош облустук региондордору өнүктүрүү фондонунун эсебинин аймагында жыл сайын “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жыл 11-февралындагы №40 Жарлыгын аткаруу, шаар аймагында экологиялык таза органикалык өндүрүштү өнүктүрүү, курчап турган чөйрөнү коргоо, калктын дени сак тамактануусун камсыздоо жана жашыл экономика принциптерин жайылтуу максатында - Ноокат шаар аймагында жыл сайын “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” белгилөөдө, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Ноокат шаардык кенешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген корутундусуна ылайык, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м к ы л а т:**

1.Ош обулустук региондорду өнүрүү фондунун каражатына Ноокат шаары үчүн сатып алынган 1(бир) даана Эвакуатор (унаа ташуучу атайын унаа) атайын техникасы Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы Муниципиалдык Менчигине Департаментине кабыл алынсын.

2.Ноокат шаары үчүн сатып алынган 1(бир) даана Эвакуатор (унаа ташуучу атайын унаа) атайын техникасынын кызмат көрсотүү тартибин жана өлчөму жөнүндөгү Жобосун кабыл алууга макулдук берилсин.

**3.**Техниканын иштөосү боюнча Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы Муниципиалдык Менчик департаменти, Ноокат шаардык кеңешине жылдын жыйынтыгы менен отчёт берүүсү белгиленсин.

**4.**Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелр жана энергетика боюнча туруктуу туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №4**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **5-июнь 2026-жыл**

**Кыймылдуу мүлк обьектисин муниципиалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө” Мыйзамдарына, ошондой эле Ноокат шаарынын мэриясынын сунушуна ылайык, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын кызматтык 2002-жылы чыгарылган мамлекеттик номери 06KG340AD күмүш түстөгү DAIMLER CHRYSIER E270 үлгүсүндөгүжана 2002-жылы чыгарылган мамлекеттик номери 06KG214AD кара-көк түстөгү MERCEDES-BENZ S350 үлгүсүндөгү жеңил автоунааларын Ноокат шаар мэриясынын муниципиалдык менчикке кабыл алуу боюнча сунушун карап чыгып, Ноокат шаардык кенеши **т о к т о м к ы л а т :**

**1**.Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын кызматтык 2002-жылы чыгарылган мамлекеттик номери 06KG340AD күмүш түстөгү DAIMLER CHRYSIER E270 үлгүсүндөгүжана 2002-жылы чыгарылган мамлекеттик номери 06KG214AD кара-көк түстөгү MERCEDES-BENZ S350 үлгүсүндөгү жеңил автоунааларын муниципиалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

**2.**Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевге кыймылсыз мулк обьектисин муниципиалдык менчикке кабыл алып, мамлекеттик каттоодон откоруү жана андан аркы пайдалануу тартибин аныктоо,аны эксплуатациялоо,күтүү, пайдалану үчун каржы булактарын аныктоо жагы тапшырылсын.

**3.**Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелр жана энергетика маселелри боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №5**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **10-октябрь 2025-жыл**

**Кыймылсыз мүлк обьектисин муниципиалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө” Мыйзамдарына, ошондой эле Ноокат шаарынын мэриясынын сунушуна ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигин 2025-жылдын 29-июлундагы №1137-п буйругунун негизинде Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын оперативдүү башкаруусундагы Ош облусу, Ноокат району, Ноокат шаары, Солтобаев көчөсү №1 дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 9785,67$м^2$ болгон аягына чыга элек курулуш обьектиси жана ага тиешелүү 2200,0 $м^2$ жер тилкесин муниципиалдык менчикке кабыл алуу боюнча сунушун карап чыгып, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м  к ы л а т**

**1.**Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын оперативдүү башкаруусундагы Ош облусу, Ноокат району,Ноокат шаары, Солтобаев көчөсү №1 дарегинде жайгашкан,жалпы аянты 9785,67$м^2$ болгон аягына чыга эле курулуш обектисин жана ага тиешелүү 2200,0 $м^2$ жер тилкеси менен муниципиалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

**2.**Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевге кыймылсыз мүлк обьектисин муниципиалдык менечикке кабыл алып,мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана андан аркы пайдалануу тартибин аныктоо жагы тапшырылсын.

**3.**Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №6**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **10-октябрь 2025-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын 2025-жылдын 9айдын жыйынтыгы боюнча мэриянын бюджетинин чыгаша бөлүмүнүн акча каржатаарын кайра бөлүштүрүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын 2025-жылдын 9айдын жыйынтыгы боюнча мэриянын бюджетинин чыгаша бөлүмүнүн акча каржаттарын кайра бөлүштүрүү жөнүндөгү шаардык бюджеттин натыйжалуу аткарылышын камсыздоо максатындагы сунушу жөнүндөгү Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянынын берген сунушунун негизинде, Кыргыз Республикасынын"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын" Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү"мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнө, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

**1.**Ноокат шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 9 айдын жыйынтыгы боюнча мэриянын бюджетинин чыгаша бөлүмүнүн акча каражаттары кайра бөлүштүрүлсүн.

**2.**Бул токтомдун аткарылышын контролдоо жана максаттуу пайдалануу жагы Ноокат шаардык мэриясынын экономика жана каржы бөлүмүнүн жетекчиси З Камаловго жүктөлсүн.

**3.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода,инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**